Учурда адабий тилдин жазуу эрежелерине байланыштуу көйгөйлөр дагы эле бар. Кыргыз тилиндеги сөздөрдүн айтылышы менен жазылышынын ортосундагы айырмачылык күн санап күч алууда. Негизги көйгөйлөрдүн бири – башка тилдерге, тагыраак айтканда, орус тилине мүнөздүү болгон «айтылышы – андай, жазылышы – мындай» деген принциптин эне тилибиздин айтылышы менен жазылышына сөзмө-сөз көчүрүлүшү. Натыйжада алардын ортосундагы ажырым көбөйүп, жазуу татаалдашууда.

Белгилүү тилчи-окумуштуу, академик С. Ж. Мусаев: «Кыргыз тили – башка, өзгөчө орус тилинен кескин айырмаланып, фонема дагы, мүчөлөр дагы, уңгу сөз дагы айрым бир учурларды эске албаганда “кандай айтылса, ошондой жазылат” деген принципке таянган тил», – деп баса белгилейт [8, 124-б.].

Тилдеги айрым оош-кыйыштарды мезгил-мезгили менен түзөтүп, жазуу нормаларын тактап туруу – мыйзам ченемдүү көрүнүш. Бул ар бир тилдин жазуу эрежелери аркылуу ишке ашырылат.

Эне тилибиз 1924-жылы жазма адабий түргө ээ болгондон тартып, адегенде 1924–1928-жылдары реформаланган араб жазуусу колдонулуп, анын тамга курамы, сөздөрдүн, сүйлөмдөрдүн жана тыныш белгилеринин жазуу эрежелери иштелип чыгып, бир катар өзгөртүү, оңдоолорду башынан өткөргөн. Ал эми 1929–1939-жылдары эне тилибиздин тыбыштык өзгөчөлүктөрүнө ылайыкташтырылган латын жазуу системасынын орфографиялык эрежелеринин негизги принциптери алгач К. Тыныстанов тарабынан иштелип чыгып, кийин К. Карасаев, И. А. Батманов тарабынан талдоодон өткөрүлгөн. Анын ар бир этабы Кыргыз Өкмөтү тарабынан мыйзамдаштырылып келген.

1940-жылы кыргыз тили кириллицага (ал «орус алфавити» деп да аталып жүрөт) өткөндөн кийин жазуу эрежелери ошол жылы, кийин 1949-жылы, андан соң 1953-жылдын 23-майында ошол кездеги Кыргыз ССРинин Жогорку Советинин Президиумунун указы менен бекитилген. Андан кийин бул эрежелерге, демек, кыргыз тилинин жазма адабий тилинин орфографиясына 1989–1990-жылдарга чейин Кыргыз Өкмөтү көңүл бурган эмес [6, 186-б.].

1995-жылдын 7-мартында КР Өкмөтүнүн токтому менен «Кыргыз тилинин жазуу эрежелеринин толукталган жана такталган жаңы редакциясы» кабыл алынган. Ал эми 2002-жылдын 28-июнунда КР Жогорку Кеңеши тарабынан кыргыз орфографиясынын эрежелерине өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилген. Кийин кыргыз тилинин жазуу эрежелеринин соңку редакциясы 2008-жылдын 16-июнунда № 567 токтом менен бекитилген.

Жазуу эрежелеринин жаңы редакцияларына байланыштуу коомчулукта аларды оңдоп-түзөө боюнча көптөгөн сунуштар айтылып келген. Автордун пикири боюнча, иштеп жаткан жазуу эрежелери жалпы коомчулукка толук сиңе элек. Мунун себептеринин бири катары орфографиянын жаңы редакциясынын жалпы коомчулуктун, тажрыйбалуу мугалимдердин, окумуштуу-усулчулардын, акын-жазуучулардын кеңири талкуусунан жетиштүү деңгээлде өтпөгөндүгү көрсөтүлөт.

1953-жылдагы орфографияда 158 эреже болсо, 2002-жылы айрым өзгөртүүлөр менен 76 эреже кабыл алынган [2, 14-б.]. Бирок адис-тилчилер, мугалимдер, журналисттер, котормочулар жана айрым жазуучулар эне тилдин жазуу эрежелерин толуктоо жана оңдоо боюнча сунуштарын оозеки да, жазуу жүзүндө да билдирип келишүүдө.

Орус тилчи-окумуштуусу, академик Л. В. Щерба: «Орфографиянын эң негизги максаты жана анын өзгөчө баалуу касиети – элди сабаттуулукка үйрөтүү. Зор аймакты ээлеген 150 миллион орус элинин бардык өкүлү бир түрдүү сүйлөшү мүмкүн эмес, бирок бир түрдүү жазууга милдеттүү», – деп белгилеген [6, 186-б.].

Анын сыңарындай, өлкө калкынын бардыгы бирдей, таза жана адабий тилдин нормасында сүйлөшү мүмкүн эмес, бирок бир түрдүү жана сабаттуу жазуу жалпы талап болууга тийиш.

Буга жетишүүнүн жолдорунун бири – кыргыз тилинин жазуу эрежелерин кайрадан карап чыгып, мектеп окуучуларын, ЖОЖдун студенттерин, тилчи-мугалимдерди жана окумуштууларды талкууга катыштыруу, айтылган сунуштарды талдап, жазуу эрежелерин тактоо. Бул – учурдун талаптарынын бири.

Эми кыргыз тилинин жазуу эрежелерине кандай тактоолорду киргизүү керектигине токтололу. Жазуу эрежелеринин соңку (2008) редакциясын толуктап, тактап чыккан С. Ибрагимов, Н. Абдесов, А. Биялиев жана Т. Маразыков – тажрыйбалуу тилчи-окумуштуулар. Алар 1995, 2002-жылдардагы эрежелердин талаш-тартыштуу маселелерин иретке келтирип, 1953-жылдагы эрежелердин идея-мазмунун сакташкан.

Ошентсе да тактоону талап кылган маселелердин бири – кыргыз тилинин алфавити. Кандай гана графикага негизделген алфавит болбосун, ал кыргыз адабий тилинин тыбыштык түзүлүшүн толук камтып, аны так көрсөтүүсү зарыл. Кирилл графикасына негизделген алфавит бул талапка тиешелүү деңгээлде жооп бере албайт. Буга академик С. Ж. Мусаевдин кыргыз тилинин алфавити жана орфографиясы тууралуу ой-пикирлери жана сунуштары негиз боло алат. Ал азыркы кыргыз адабий тилинде 39 тыбыш эмес, 34 фонема бар экендиги, «ц», «щ» тыбыштарынын кыргыз адабий тилине тиешеси жоктугу жана алардын төл сөздөрдө кездешпестиги, тыбыштык мааниге ээ болбогон ь ичкертүү, ъ ажыратуу белгилери, йоттошкон е, ё, ю, я тамгалары, бир эле фонеманын эки башка э, е тамгалары менен берилиши сыяктуу маселелер боюнча баалуу пикирлерин билдирген [8]. Бул маселелерге көңүл буруу зарыл.

Ошондой эле кошуна мамлекеттерде жана түрк тилдүү элдерде колдонулуп жүргөн, бир мезгилде кыргыз тилинде да колдонулган латын графикасынын негизинде алфавит түзүү мүмкүнчүлүгүн илимий жактан кароо зарыл.

Экинчиси – эрежелердеги үндүү жана үнсүз тыбыштардын жазылышын тартипке келтирүү. Кыргыз тилиндеги сөздөр, орус тилинен жана ал аркылуу чет тилдерден кирген сөздөр, араб, фарс тилдеринен кирген сөздөр үчүн «андай айтылат, мындай жазылат» деп эки түрдүү эреже кабыл алуу сабаттуу жазууга терс таасирин тийгизет.

Мисалы, 13-§. Ф, х, ц, щ тамгаларынын жазылышы. Бул параграф төрт пункттан турат. Анын 3-пунктунда: «Кыргыз тилинде х тамгасы хан, пахта деген сөздөрдө, ха-ха, ах, бах, төх сыяктуу сырдык же тууранды сөздөрдө гана колдонулат», – деп берилген. Мындагы хан/хаан – кыргыз-монгол сөзү, кан; пахта – иран сөзү. Бул тамга өздөштүрүлгөн сөздөрдө да, Бахрейн өлкөсү, Ага Хан фонду, Харьков шаары, хоккей сыяктуу чет сөздөрдө да кездешет [4].

Ошондой эле эрежеде «сырдык же тууранды сөздөрдө гана колдонулат» деп чектелген. Муну «төл сөздөрдүн ичинен сырдык жана тууранды сөздөрдө гана колдонулат» деп тактоо максатка ылайыктуу.

Үчүнчүдөн, дагы эле сабаттуу жазууга кедергисин тийгизүүчү маселелердин бири – йоттошкон е, ё, ю, я тамгаларынын жазылышы. Туура жазуу эрежелеринин 14, 15, 16, 17-параграфтары ушул маселеге тиешелүү. Мисалга кайрылалы. 16-§тын 3-пунктунда: «Аягы “й” тыбышы менен бүткөн сөздөрдөн кийин созулма –уу мүчөсү келген учурларда, алардын айтылышы йуу түрүндө жазылбастан: юу түрүндө жазылат: кой+уу=коюу, сой+уу=союу ж.б.», – деп берилген.

Биринчиден, кыргыз тилинде созулма –уу мүчө деген жок, бул – этиштин өзгөчө формасы болгон кыймыл атоочту уюштуруучу –уу мүчөсү; экинчиден, «й» тыбышынан кийин келсе, мүчөнүн биринчи тамгасы йоттошуп жазылат дегени да ойлоно турган маселе. Мындай ашыкча эрежелерден арылуунун төмөнкүдөй жолдорун сунуштайын:

1. Кыргыз тилинде аягы «й» тыбышы менен бүткөн уңгу сөздөргө ичке –е/э, жоон –а, –о, –у жана созулма –оо, –уу сыяктуу кыймыл атоочту уюштуруучу форма жасоочу мүчөлөр уланса, йоттоштурулбай жазылат.

2. Орус тилинен жана ал аркылуу башка тилдерден кирген сөздөр орус тилинин орфографиясына негизделип жазылат.

Кыскасы, кыргыздын төл сөздөрүн йоттоштурбай эле, кандай айтылса, ошондой жазууга уруксат беришибиз керек.

Муну менен төмөнкүдөй сабаттуулукка жетишебиз:

– тыбыш менен тамганын саны дал келет, фонетикалык талдоодо кыйынчылык жаралбайт;

– бир сөз ичинде йоттошкон тамгаларды катар жазуудагы кыйынчылыктан кутулат (коёюн, тоёюн);

– мүчө уланбаган уңгу сөздөрдү йоттоштуруп жазуунун кажети жок: аюу – айуу, коён – койон;

– муундарга туура ажыратабыз, демек ташымалдап жазууга болот: бо-йок, та-йак;

– сөздөрдү уңгу, мүчөлөргө туура ажыратууда ката кетирбейт: кой+о+т, сай+а+т ж.б.

Туура жазуу эрежелеринде тартипке келтирүүчү дагы бир маселе – сөз мүчөлөрүнүн жазылышы.

37-§ды карап көрөлү. «Аягы м, п тыбыштары менен бүткөн этиш сөздөргө чакчыл –ып мүчөсү жалганганда, уңгу да, мүчө да тыбыштык жактан өзгөрүп, созулуп айтылгандыктан, андай сөздөр угулушу боюнча жазылат: эм+ып=ээмп, сеп+ып=сээп, өп+ып=өөп, чап+ып=чаап ж.б.» Бул эреже сөздүн аягы «п» тыбышы менен бүткөн этиш сөздөргө туура келет. Ал эми «м» тыбышы менен бүткөн сөзгө уланса: эм+ып=ээмп, көм+ып=көөмп, жум+ып=жуумп, там+ып=таамп формасында жазылат дегени ыңгайсыздыкты жаратат. Окуучубу, студентпи, кимибиз болбойлу, ката кетиришибиз мүмкүн.

К. Карасаевдин «Кыргыз тилинин орфографиялык сөздүгүндө»: жум: жумуп, жуумп, жумуп – ачып [5, 197-б.], көм: көөмп, көмүп [5, 288-б.] деп эки вариантта жазылышына жол берилген.

Ал эми 41-параграфтагы эреже тактоону талап кылат: күчөтмө маанидеги кап-, көп-, кып-, кип-, күп-, жеп-, чоп-, оп-, ып-, жап-, беп- ж. б. у. с. формалар негизги сөз менен бирге жазылат: капкара, капкайдан, капкачан, күпкүндүз, кипкичине, бепбекер, көпкөк, жепжеңил, чопчоң, опоңой, аппак, жыпжылуу, мупмуздак, ыпысык, жапжалгыз. Ошондой эле тепедентең, тепетең, тападантак, тапатак, чападанчак, чапачак деген сөздөр да бирге жазылат [5, 16-б.]. Кыргыз тилинде ушундай формалар барбы? Бул – кыргыз тилиндеги сын атоочтун күчөтмө даражасынын жасалышынын бир жолу. Буга карата окумуштуулардын пикирлерине токтололу.

Тилчи-методист С. Үсөналиев өзүнүн «Морфологияны жана орфографияны окутуу» (1985) деген эмгегинде: «15. Биринчи компоненти п, м, с тыбыштары менен аяктап, өз алдынча турганда эч кандай маани бербеген, экинчи сөзү маани берген же бербеген күчөтмө сын атоочтор бирге жазылат: кыпкызыл, сапсары, көпкөк, сопсонун, жымжырт, тымтырс» [7, 103-б.].

Ал эми профессор И. Абдувалиев күчөтмө даражанын уюшулушун «Азыркы кыргыз тили. Морфология» (2015) деген илимий китебинде: «Сын атооч сөздөрүнүн биринчи муунунун өзгөрүп, кайталанып айтылышы аркылуу: кыпкызыл, кыпкыска, жапжашыл, таптаттуу, бопбош, супсулуу, сапсары, жупжумшак, жапжакшы, капкара ж. б. Мисалы: Жүрөктө турду жаңырып, ыпысык сүйүү обону. (С. Тургунбаев)», – деп иликтейт [1, 122–123-бб.].

Кыргыз тилинин морфология бөлүмүнө зор салым кошкон илимпоз С. Давлетов С. Кудайбергенов менен бирге жазган «Азыркы кыргыз тили. Морфология» (1980) деген эмгегинде күчөтмө даража төмөнкү жолдор менен жасаларын: «Толук формадагы сын атоочко анын башкы муунунан кыскартылып алынган формасына [п] тыбышын кошуу аркылуу бирге айтуу менен: кыпкызыл (толук формасы – кызыл, башкы муунунан кыскартылып алынган формасы – кы; [п] тыбышы – толук форма менен кыскартылган форманы данакерлеп (бириктирип) туруучу элемент, сапсары, жапжашыл, топтолук, аппак, апаппак ж.б.», – деп түшүндүрүп, андан ары күчөтмө даражанын жасалышындагы үч айырмачылыкты көрсөтөт.

а) Толук формадагы сын атоочтун башкы мууну үндүү менен аяктаса, ал муун тыбыштык түзүлүшүн толук сактайт, анын ордуна данакерлөөчү [п] тыбышы кошулат: ка-ра – капкара, жа-рык – жапжарык, жа-пыз – жапжапыз, жа-ңы – жапжаңы, же-ңил – жепжеңил.

б) Толук формадагы сын атоочтун башкы мууну үнсүз менен аяктаса, ал үнсүз түшүп калат да, анын ордуна данакерлөөчү [п] тыбышы колдонулат: тат-туу – таптаттуу, тек-ши – тептекши, бөк-сө – бөпбөксө, жыл-ма – жыпжылма.

в) Үнсүз менен аяктаган бир муундуу сын атоочтор кыскарган формада кайталаныш үчүн үнсүз тыбышын данакерлөөчү [п] тыбышы менен алмаштырат: көк – көпкөк, түз – түптүз, тик – типтик [3, 107-б.].

Демек, бул эрежени да С. Давлетовдун пикирине таянуу менен тактоо керек. Албетте, туура жазуу эрежелериндеги татаал сөздөрдүн, энчилүү аттардын, өздөштүрүлгөн сөздөрдүн жазылышы, ташымалдоо жана дефис белгисинин коюлушу сыяктуу эрежелерди да кыргыз тилинин өзүнүн табиятына ылайыктап, фонетикалык түзүлүшүнө ылайык алфавит түзүп, жазуу эрежелерин тактап, кайра карап чыгуу – бүгүнкү күндүн негизги талаптарынын бири.

Чындыгында, алфавит жана орфография маселелерин иретке келтирүү оңой-олтоң иш эмес. Бул боюнча илимпоздордон жана практик мугалимдерден атайын комиссия түзүү зарыл.

Колдонулган адабияттар

1. Абдувалиев И. Азыркы кыргыз тили. Морфология. – Бишкек, 2015.
2. ALATOO ACADEMIC STUDIES: эл аралык илимий журнал. – Бишкек, 2016. – № 4.
3. Давлетов С., Кудайбергенов С. Азыркы кыргыз тили. Морфология. – Фрунзе : Мектеп, 1980.
4. Кыргыз тилинин жазуу эрежелери (соңку редакциясы). – Бишкек, 2013.
5. Карасаев К. Кыргыз тилинин орфографиялык сөздүгү. – Бишкек, 2015.
6. Оруздаева Б. О. Кыргыз тил илими: макалалар жыйнагы. – II том. – Бишкек, 2004.
7. Үсөналиев С. Морфологияны жана орфографияны окутуу. – Фрунзе, 1985.
8. Чыманов Ж. Академик Сыртбай Жолдошович Мусаев: очерк. – Бишкек, 2023.

Рецензент: филология илимдеринин кандидаты, доцент Танаева Н.Ш.

УДК :371.21:371, 4 (575.2) (04)
DOI 10.58649/1694-9099-2026-3-182-188

Мурзаев Н.Т.
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Мурзаев Н.Т.
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
Murzaev N. T.
Kyrgyz State University I. Arabaev

ОКУУЧУНУН ЧЫГАРМАЧЫЛЫК МЕНЕН ОЙЛОНУУСУНУН НЕГИЗИ ЖАНА АНЫ КАЛЫПТАНДЫРУУНУН, ӨРКҮНДӨТҮҮНҮН МААНИ-МАҢЫЗЫ
ОСНОВЫ ТВОРЧЕСКОГО МЫШЛЕНИЯ УЧАЩЕГОСЯ И СУЩНОСТЬ ЕГО ФОРМИРОВАНИЯ И СОВЕРШЕНСТВОВАНИЯ
FOUNDATIONS OF STUDENTS' CREATIVE THINKING AND THE ESSENCE OF ITS FORMATION AND DEVELOPMENT

Кыскача мүнөздөмө: Чыгармачылыктын табияты татаал, кызыктуу жана табышмактуу. Аны философтор, психологдор, тарыхчылар, физиологдор, педагогдор өздөрүнүн илим тармактарынын

өзгөчөлүктөрүнө ылайык изилдешет. Психологдорду чыгармачылык процесстин жүрүшү, чыгармачыл инсанды калыптандыруу жана өркүндөтүү жолдору кызыктырат. Азыркы изилдөөчүлөрдү чыгармачылык өзгөчө көрүнүш катары гана эмес, андагы жалпы адамзаттык мыйзам ченемдүүлүктөр жана адамдардын көпчүлүгүнө мүнөздүү маселелер катары да кызыктырат. «Чыгармачылык» түшүнүгүнө көптөгөн аныктамалар берилген. Алардын жалпы маңызы боюнча чыгармачылык – адамдын ишмердүүлүгүнүн формасы, сапаттык жактан жаңы баалуулуктарды, нерселерди жана идеяларды жаратуу, тигил же бул маселени жаңыча чечүү болуп эсептелет. Чыгармачылык адам баласына жаш кезинен эле мүнөздүү болгондуктан, аны мектеп партасынан тартып калыптандыруу жана өнүктүрүү жөнүндө педагогдор айтып, жазып келишет. Чындыгында, бул – терең көңүл бурууну талап кылган маселе. Аны илимий негизде кеңири изилдөө зарыл.

Аннотация: Природа творчества сложна, интересна и загадочна. Ее изучают философы, психологи, историки, физиологи и педагоги в соответствии со спецификой своих научных направлений. Психологов интересуют особенности протекания творческого процесса, а также пути формирования и совершенствования творческой личности. Современных исследователей творчество интересует не только как особое явление, но и с точки зрения общечеловеческих закономерностей и проблем, характерных для большинства людей. Существует множество определений понятия «творчество». В целом творчество рассматривается как форма человеческой деятельности, направленная на создание качественно новых ценностей, предметов и идей, а также на поиск новых способов решения тех или иных задач. Поскольку творчество присуще человеку с раннего возраста, педагоги уделяют внимание его формированию и развитию уже со школьных лет. Это важная проблема, требующая глубокого внимания и широкого научного исследования.

Abstract: The nature of creativity is complex, fascinating, and multifaceted. It is studied by philosophers, psychologists, historians, physiologists, and educators in accordance with the specific features of their respective fields. Psychologists are particularly interested in the creative process and in ways of developing and enhancing a creative personality. Modern researchers examine creativity not only as a distinct phenomenon but also in terms of universal human patterns and issues relevant to the majority of people. There are numerous definitions of the concept of “creativity.” In general, creativity can be understood as a form of human activity aimed at creating qualitatively new values, objects, and ideas, as well as finding new ways to solve various problems. Since creativity is inherent in people from an early age, educators emphasize the importance of fostering and developing it from the school years onward. This is an important issue that requires careful attention and extensive scientific research.

Негизги сөздөр: чыгармачылык; окуучу; мугалим; ишмердүүлүк; сүйлөө; байкоо; ойлоо; талдоо; эмгек; шык; жаңычылдык.

Ключевые слова: творчество; ученик; учитель; деятельность; речь; наблюдение; мышление; анализ; труд; способности; новизна.

Keywords: creativity; student; teacher; activity; speech; observation; thinking; analysis; work; abilities; novelty.

Чыгармачылык ишмердүүлүксүз болбойт. Ишмердүүлүк гана чыгармачылыкты жаратат. «Чыгармачылык – сапаттуу жаңы материалдык жана руханий баалуулуктарды жаратуучу адамдын ишмердүүлүк процесси. Чыгармачылык – бул адамдын эмгекте пайда болгон, чыныгы жеткирилген материалдан (объективдүү дүйнөнүн мыйзам ченемдүүлүктөрүн таанып-билүүнүн негизинде) көп түрдүү коомдук керектөөлөрдү канааттандырган жаңы чындыкты жаратуу жөндөмдүүлүгү» [7, 474-б.].

Жөн гана керектөөчү мүнөздөгү жана продуктивдүү мүнөздөгү ишмердүүлүк бар. Адамдын ишмердүүлүгү продуктивдүү мүнөздө болгондо, аны чыгармачылык ишмердүүлүк деп эсептейбиз. Муну окуучуга жөнөкөй гана мындайча түшүндүрүүгө болот: жаңы бир нерсени жасоо – чыгармачылык, ошондой эле мурда болгон нерсеге жаңыча өзгөртүү киргизүү да чыгармачылык болуп

эсептелет. Мисалы, бет аарчы кыргыз элинде илгертеден эле колдонулуп келген буюм. Мурунку муундарда кыз-келиндер тарабынан жигиттерге белек берилген, айрыкча аны көңүлгө жаккан жигиттерге берүү адат сыяктуу болгон. Ч. Айтматовдун «Эрте келген турналар» повестиндеги Мырзагүлдүн Султанмуратка берген бет аарчысына «С + М» деп жазып бериши – чыгармачылык десе болот ж.б.

Чыгармачылык аң-сезим – татаал түзүлүшкө ээ болгон кубулуш, ошондуктан аны түшүндүрүү да татаал. Чыгармачылык ойлоонун маңызын түшүндүрүү үчүн анын психологиянын предмети экенин эске алуу, факторлорун, принциптерин, механизмдерин, критерийлерин, формаларын жана түзүлүшүн аныктоо, ошондой эле ойлоонун башка түрлөрү жана формалары менен болгон байланышын кароо талап кылынат.

Ойлоо – ишмердүүлүктүн өзгөчө түрү, ал түз же кыйыр түрдө инсандын материалдык-предметтик ишмердүүлүгүнө байланыштуу болот. Эгер ойлоо материалдык-предметтик ишмердүүлүк менен шартталган болсо, анда ой жүгүртүү бул иш-аракет баш ийген фактылардан келип чыгууга тийиш. Себеби ишмердүүлүк курчап турган дүйнөнү таанып-билүүгө, үйрөнүүгө жана чыгармачылык менен өзгөртүүгө багытталган адамдын жигердүү аракетинин түрү десек болот. Ишмердүүлүк учурунда адам материалдык жана рухий маданияттын предметтерин жаратат. Ошонун аркасында өзүнүн шык-жөндөмүн өнүктүрөт, өзгөртөт, табиятты сактайт, өстүрөт, коомду курат. Табиятта адамдын активдүүлүгүсүз пайда болбой турган нерселерди, предметтерди жаратат. Буга адамдын ишмердүүлүгү себеп болот. Адамдын чыгармачылык ишмердүүлүгүнүн аркасында коом, шаарлар, машиналар, жүрүүчү жана учуучу техникалар пайда болду. Аларды куруу үчүн эмгек куралдарынын түрлөрү, түрдүү буюмдар пайда болду. Ушулардын баары продуктивдүү ишмердүүлүктү окуучуга кеңири түшүндүрүүгө керектүү мисалдар боло алат.

Окуучуга чыгармачылык ишмердүүлүктү түшүндүрүүдө жалаң гана ири жетишкендиктерди мисал кылып көрсөтүү туура эмес. Окуучулардын ой жүгүртүүсү эмпирикалык жалпылоо жана формалдуу-логикалык чыгаруу мыйзамдарынын негизинде пайда болушу мүмкүн же ал диалектикалык логиканын мыйзамдарынын негизинде түзүлөт. Эгерде ой жүгүртүү диалектиканын мыйзамдарын четке какса, анда ал чектелген мүмкүнчүлүккө ээ болуп, чындыктын диалектикалык байланыштарын камтый албайт.

Чыгармачылык ой жүгүртүү диалектикалык болушу керек, себеби ага предметти өз ара терең байланышта, бүтүн бойдон таануу мүнөздүү. Азыркы мезгилде коомдук өнүгүүнүн, практиканын деңгээли окутууда диалектикалык ыкманы колдонуу менен чыгармачылык ой жүгүртүүнү өнүктүрүүнү илимий прогресстин тарыхый зарылчылыгына айлантты. Себеби азыркы мезгилде жасалма интеллект сыяктуу адамзаттын атаандашы пайда болуп турганда, адамдын чыгармачылыкта кандай мүмкүнчүлүктөрү бар деген суроо да туулат. Адамдын мүмкүнчүлүгү чексиз, ага жасалма интеллект эч кандай тоскоолдук кылбайт.

Чыгармачыл ой жүгүртүү психологиянын изилдөө объектиси болуп келген жана болуп кала берет. Ал үйрөнүлүп жаткан предметтин байланыштарын ой жүгүртүү аркылуу түздөн-түз чагылдырат, анын натыйжасында материалдык продукция, субъективдүү жаңы билим же идеалдуу образ пайда болот. Окуучунун чыгармачыл ой жүгүртүүсү чыгармачыл инсанды калыптандырууга багытталышы зарыл. Мында окуучунун чыгармачылыгын башталгыч класстан тартып жогорку мектепке чейин калыптандыруу мүмкүн деген пикирлер бар. Ал эми адам баласынын чыгармачылыгын изилдөө анын жаш курактык өзгөчөлүгү мындан да эрте башталарын көрсөттү. Мисалы, чыгармачылыктын эрте башталарын япон окумуштуусу Масару Ибука өз китебинде белгилеген. Ал китебинде: «Баланын өнүгүшүндө билим менен чөйрө тукум куучулукка караганда алда канча маанилүү роль ойнойт», – деп жазган [4, 56-б.]. Бул пикир чыгармачылыкка да тиешелүү. Бирок окуучунун чыгармачылыгында чоң ачылыштын болбой калышы маанилүү эмес, жок дегенде өзү үчүн кандайдыр бир ачылыш же жаңылык болушу керек. Окуучулардын чыгармачылыгында коомдук мааниге ээ жаңылыктын болбой калышы алар аткарган чыгармачылык ишмердүүлүктүн түзүлүшүн олуттуу өзгөртпөйт. Чыгармачылык процесстин этаптары өзүнө тиешелүү мыйзам ченемдүүлүктөргө

ылайык окумуштуунун да, өспүрүмдүн да ишмердүүлүгүндө бирдей көрүнөт. Чыгармачылык менен ой жүгүртүү жөндөмүнө ээ болуу үчүн 1-класстан 12-классты аяктаганга чейин окуу мезгилинде да, окуудан тышкары учурда да алардын табигый шык-жөндөмүн ачуучу жана өнүктүрүүчү чыгармачылык кырдаалды дайыма түзүп туруу керек.

Чыгармачыл ойлоонун биринчи фактору катары төмөнкүнү айтууга болот:

Чыгармачылык – мээнин табигый функциясы экендиги изилдөөчүлөр тарабынан негиздүү далилденген. Ошондуктан ар бир балага чыгармачылык мүмкүнчүлүктөр бала кезинен эле берилет жана ал максатка багытталган тарбиялоо процессинде өнүгүшү мүмкүн. Чыгармачылык ой жүгүртүү жөнүндө сөз кылганда, биз ишмердүүлүктүн кандайдыр бир түрү жөнүндө эмес, адамдын коомдук практикасынын бардык жагдайларында зарыл болгон иш-аракет стили жөнүндө айтабыз.

Экинчиси, окуучулардын чыгармачылык инсандыгын өнүктүрүү алардын окуу жана окуудан тышкаркы ишмердүүлүгүн туура уюштуруу аркылуу ишке ашат. Окуучу практикалык маселелерди чечүү процессинде гана чыгармачыл ой жүгүртүү стилине үйрөнө алат. Ал үчүн окуу иш-аракеттерин уюштуруунун өзгөчө формасы талап кылынат, анда окуу чакан изилдөөчүлүк иш-аракетке айланышы керек.

Окуучулардын чыгармачылыгы дегенде сөзсүз эле чоң ачылыш жасоо же жаңы нерсе жаратуу деп түшүнбөстөн, баланын кандайдыр бир нерсеге өзгөчө кызыгуу менен киришип, аны өздөштүрүүгө жана ага жаңылык киргизүүгө жасаган аракетин түшүнүүбүз керек. Дал ушул майда аракеттер кийин чоң ачылыштардын башаты болот деп эч ким так айта албагандай эле, башаты болбойт деп да кескин айтууга болбойт. Кеп баланын мындай аракеттерин өрчүтө билүүдө экенине көптөгөн улуу адамдар маани беришкен. Баланын шыгын, кызыгуусун өстүрүү – баланын гана эмес, чоңдордун да милдети. Мында чоңдорго көбүрөөк жоопкерчилик жүктөлөт.

Чыгармачылык процессинде бала интеллектуалдык жана эмоциялык жактан өсөт, айлана-чөйрөдө, коомдо өз ордун аныктайт, адамдар менен алака кылуу тажрыйбасына, ар түрдүү эмгек куралдары жана материалдар менен иштөө көндүмдөрүнө ээ болот, өз денесин, үнүн, сүйлөө кебин башкарууга үйрөнөт. Чоңдордун чыгармачылыгы сыяктуу эле, балдардын чыгармачылыгы да көп түрдүү: техникалык, сүрөтчүлүк, музыкалык, аткаруучулук, кол өнөрчүлүк ж.б. Бала өз турмушунда көп нерсеге кызыгат, чыгармачылыктын ар кайсы түрүнө жолугат. Аны улантуу, өнүктүрүү шартка жана тарбияга байланыштуу, бул – башка маселе. Бирок бала чыгармачылыктын кайсы түрүнө кызыкпасын, чыгармачылык анын жашоого болгон кызыгуусун ойготору анык. Чыгармачылыктын бала үчүн чоң таасир берүүчү дүйнө экени анын өзүнө билинбеген табышмак.

«Чыгармачылык менен иштөө адамды өмүр бою жандап жүрөт. Анын башаты бала кезде жатары, ошого жараша өзгөрөрүнө чоң маани берүү керек. Бала кезде чыгармачылыкты калыптандыруу – ийгиликке эрте жол ачуу. Ошонун ичинде да калем менен ойлонуу эң кыйыныраагы десек туура болот» [6, 49-б.].

Балдардын көркөм чыгармачылыгы жөнүндө сөз болгондо, ал жалпы тарбиянын эстетикалык жана көркөм табитти өстүрүүчү бөлүгү экенин дайыма эске тутуубуз керек. Балдардын чыгармачылыгы өз алдынча же чоңдордун жетекчилиги, үйрөтүүсү менен ишке ашышы мүмкүн. Аларга сүрөт тартуу, музыка, ылайдан, пластилинден чаптап жасоо, театралдык сахналаштыруу, бий, оозеки жана жазуу түрүндөгү көркөм чыгармачылык кирет. Көркөм чыгармачылыкка хорлорду, жыгачтан оюу иштерин, куурчак театрын, оюн түрүндөгү фильмдерди да кошушат.

Аткаруучулук жөндөмүн арттырууда «Манас» айтуу, музыкалык аспаптарда ойноо, көркөм окуу, элдик чыгармачылыктын салттуу түрлөрүн аткаруу (табышмак, жаңылмач, жомок, акыйнек айтуу) чоң таасир берет. Массалык көркөм чыгармачылыкка тартууда балдардын талантынын бар же жок экендигине каралбайт. Көркөм тарбия берүүдө кадимки баланы таланттуу балдар менен салыштырууга болбостугун Л. С. Выготский да айткан.

Көркөм чыгармачылык менен алектенүү баланын инсандыгын ойготот, ачат, айлана-чөйрөгө, улуу-кичүүгө жашына жана жынысына, сезимине, акыл-эсине, эркине, дене түзүлүшүнө жараша мамиле жасоого үйрөтөт. Балдардын көркөм чыгармачылыгы – баланын өсүп-өнүгүү жолундагы

маанилүү, ишенимдүү багыт. Канчалаган балдар ушул жол менен тарбияланды. Бул – практикада далилденген, педагогикалык жана психологиялык изилдөөлөрдө баланын өсүп-өнүгүшүнө тийгизген таасири көрсөтүлгөн чоң баалуулук жана акыйкат чындык. Көркөм чыгармачылыкты педагогикалык жактан туура түшүнүүнү талап кылган жагдай бар. Мисалы, педагог түзгөн өбөлгө, жагдай аркылуу бала дүйнө, өзү жана жашоодогу орду тууралуу, ошондой эле өзүнүн айлана-чөйрөсүндөгү, жашоосундагы социалдык чындыкты чагылдырууга аракет кылат.

Маани-маңызы, каражаттары боюнча балдардын көркөм чыгармачылыгы да кесипкөй сүрөтчүнүн, музыканттын чыгармачылыгына кыйыр түрдө окшош. Көркөм чыгармачылыктын башаты эки жаштан тартып байкала баштайт. Чоңдор менен биргеликте ишке ашырыла турган көркөм чыгармачылыктын алгачкы «интерпсихикалык» фазасы (А. Валлон, Л. С. Выготский) 1,5–3 жашта болуп, чоңдор менен мамиледе болуу, алардын тажрыйбасын кабыл алуу көркөм чыгармачылыктын өнүгүшүнө чоң таасир берүүчү чечүүчү шарт болуп саналат. Бул фазанын маанисине көптөгөн ата-энелер жетиштүү көңүл бурушпайт [3; 818-б.].

Кийинки фаза 4–5 жашта болот. Бул мезгилде бала өз алдынча аракеттенүү менен даяр үлгүлөрдүн негизинде алдына колунан келүүчү, күчү жете турган милдеттерди коюп, искусствонун түрүнө жараша өзү колдоно ала турган каражаттарды тандап, ошого ылайык кыймыл-аракеттерди жасоо аркылуу аларды чечүүгө далалат кылат. Эң алгач көркөм чыгармачылык импровизация түрүндө болот. Сүрөт, музыка, бий боюнча импровизация үчүн балдарга оюнду тууроо гана эмес, чыныгы турмуштагы нерселер, шамалдын үнү, айбанаттар менен чымчыктардын үндөрү, ар кандай дабыштар, тамганын, сааттын чыкылдаганы, угулган обондуу ырлар, күүлөр, буюмдардын түсү, формалары, айбанаттардын кызыктуу жүрүм-турумдары материал болушу мүмкүн. Кийинчерээк куралдарды колдонуу менен аткарылуучу көркөм чыгармачылыктын түрлөрү кездешет. Мисалы, боёк менен сүрөт тартуу, кураштыруу. Булар боёк, кагаз менен иштөө көндүмдөрүн талап кылат. Көркөм чыгармачылык татаал, ал баланын инсандык туюмдарын ойготот, жетилтет. Көркөм чыгармачылык баланын инсандыгынын жалпы өсүшү менен байланыштуу. Бирок анын башаты боюнча түрдүү пикирлер бар. Л. С. Выготский көркөм чыгармачылык оюндан башталып, алгач синкреттүү (башкалардан бөлүнбөгөн, жалпы) түрдө болот деп эсептесе, анын оюндан келип чыгышына кээ бирөөлөр каршы болушат (Е. И. Игнатьев, Г. В. Лабунская), ал эми үчүнчү бирөөлөр көркөм чыгармачылык менен оюндар өз алдынча болгон нерселер, бирок алар өзгөчө мыйзамдар менен өнүгөт деп эсептешет [4; 62-б.].

Л. С. Выготский балдардын көркөм чыгармачылыктын тигил же бул түрү менен алектенүүгө болгон кызыгуусу улам алмашып турарын белгилеген. Мектепке чейинки балдарды музыкалык-драмалык, сөз менен импровизациялоо, айрыкча коллективдүү бий түрүндөгү кыймылдар кызыктырганы менен, мектепке чейинки курактын аягында сүрөттөөчү көркөм чыгармачылыкка кызыгуусу оогону байкалат. Кийинки заманбап маалыматтарга таянсак, балдардын сүрөттөөчү чыгармачылыкка (изобразительный) болгон массалык кызыгуусу 10–12 жашка чейин окуучулардын 60–70 пайызында сакталат. 10–14 жаштан тартып адабий чыгармачылыкка кызыгып, ыр жазууга аракет жасаганы көрүнөт, үн жаздырууга, массалык бийлерге, кооздоочу оймо-чиймелерге аралаша баштайт.

Балалык кездин аягында, жогорку мектеп жашында театралдык ишмердүүлүккө, хорлорго, көркөм окууга, роль аткарууга көбүрөөк кызыгышат. Жогорку мектеп жашында көркөм чыгармачылыкта угуучу, көрүүчү, окурман катары автор менен биргелешет, авторлошот, олуттуу адабият, музыка менен алектенүүгө өтөт. Окуучунун дил баяны бир жагынан илимий, экинчи жагынан көркөм чыгармачылыктын таасирин көрсөтөт. Андыктан «дил баян жазууда төмөнкүдөй процессти окуучу баштан өткөрөт: көңүл буруу, кызыгуу, кабыл алуу жана түшүнүү, ойлоо, элестетүү, жеке пикир, корутундулоо, туура түшүнүктү ырааттуу жазуу» [5, 199-б.].

Бала чыгармачылыктын кайсы түрүнө көңүл бурбасын, аны өнүктүрүүнүн жолдоруна чоңдор көңүл бурушу керек. Бул тууралуу Л. С. Выготский мындай деп жазат: «Ребенок пишет стихи или рисует вовсе не потому, что в нем прорывается будущий творец, не потому что сейчас нужно для ребенка и еще потому что, это известные творческие возможности заложены в каждом из нас.

Процессы отбора гениальности и таланта еще настолько смутны, не изучены какие именно меры содействует сохранений и воспитанию будущих гениев» [2, 290-б.].

Бул – улуу психологдун пикири. Ар бир балада талант болорун улуу жазуучу М. Горький да айткан. Философ Н. Бердяев мындай дейт: «Творчество неотьлемо присуще человеческой природе, уже ребенок обладает огромными творческими задатками–памьятю, воображением непосредственной яркостью впечатлений. Потом все это уходит, человек “темнеет”, если ему не удается сохранить в себе это “детское” начало превращается в обычную заурядную личность» [1, 81-б.].

Чыгармачылык жөндөмдү, талантты сактоо да, өстүрүү да оңой эмес. Ал үчүн көп иштөө, көп көнүгүү талап кылынат. «Упряжнят внимания- значить вызыват его всякий раз посредством такой внутренной реакции. Самособой разумееется, что чем чаще мы это делаем, чем больше вызываем таких случаев, тем сильнее закрепляем связь между внутренним раздражителем и реакциями внимания», – дейт Л. С. Выготский [2, 307-б.].

Чыгармачылыктын мааниси, пайдасы – аны менен алектенген адам өзүн, коомду тез тааныйт, коомдогу өз ордун аныктайт. Бул, айрыкча, көркөм адабиятка жана коомдук илимдерге тиешелүү. Чыгармачылык адамды жаман жолдон сактайт. Бул тууралуу кыргыз акындары, жомокчулары да көп айтышкан. Чыгармачылык тазалыкты, чынчылдыкты, калыстыкты талап кылат. «Подлинное творчество не может быт демоническим, оно всегда есть выход из тьмы. Демонические зло человеческой природы сгорает в творческом экстазе,притворяется в иное бытие», – дейт орус философу Н. Бердяев [1, 115-б.].

Балдардын көркөм адабият боюнча чыгармачылыгы оозеки жана жазуу кеби калыптанып, дүйнөгө өз үнүн кошууга дилгир болгон чакта башталат. Бул 10–14 жаштан башталарын жогоруда айттык.

Мектепте адабий чыгармачылыкка кызыктырууда адабият ийримдеринин орду чоң. Чыгармачылыкка үйрөтүүдө дил баян жаздыруу да өзгөчө мааниге ээ. Албетте, муну менен дил баян жаздыруу жалаң гана акын-жазуучуларды даярдоо үчүн керек деген ойду айтуудан алыспыз. Дил баян окуучунун чыгармачылыктын даамын татып, анын түйшүгүн түшүнүүсүнө өбөлгө түзөт. Дил баянды тез-тез жаздырып туруу ой жүгүртүү процессинин жакшырышына алып келет. Ал үчүн окуучу да, мугалим да дил баяндын үстүндө иштей алышы керек. Мугалимдин сабакка кирип эле: «Дил баян жазабыз», – дегени туура эмес. Бала да ага даярданышы керек. Даярдыгы мыкты болмоюнча, эч качан мыкты дил баян жазылбайт. Ал турсун оозеки түрдө айтып даярдануунун да чоң пайдасы бар. Мектеп окуучуларынын чыгармачылыгынын туу чокусу – дил баян жазуу.

«Из всех трудовых процессов человека самый трудный – творческий. Прежде чем что-то создать, сочинить, человек должен вдуматься, вжиться в тему, дать мозгу время поработать подступно, вызвать из памяти аналогичные ощущения и переживаниия – тогда сочинение выльется из души» [3, 28-б.].

«Дил баян аркылуу адам өзүн өзү чагылтат, б.а. ишмердүүлүктүн бул формасы – адамдын өзүн-өзү көрүп туруучу күзгүсү» [5, 526-б.].

Бардык чыгармачылык деп эсептелген иштерде автордун «мени» кайсы бир деңгээлде чагылдырылса, окуучунун дил баянында ал өзгөчө даана көрүнөт. Ошондо дил баян чыгармачылык менен жазылган болот. Жөн эле көчүрүлгөн материал дил баян боло бербейт. Чыгармачылык менен иштөө адамды өмүр бою жандап жүрөт. Анын башаты бала кезде жаткандыктан, ошол мезгилден тартып өнүгүшүнө чоң маани берүү керек. Бала кезде чыгармачылыкты калыптандыруу – ийгиликке эрте жол ачуу. Анын ичинде калем менен ойлонуу эң кыйыныраагы десек туура болот.

Колдонулган адабияттар

1. Бердяев Н. С. Смысл творчества (Опыт оправдания человека). — М.: Изд-во Г. А. Лемана и С. И. Сахарова, 1916. — 182 с.
2. Выготский Л. С. Педагогическая психология. — М.: Педагогика, 1990. — 474 с.
3. Выготский Л. С. Психология. — М.: Апрель Пресс; ЭКСМО-Пресс, 2000.

4. Выготский Л. С. Воображение и творчество в детском возрасте: психол. очерк. — М.: Просвещение, 1991. — 93 с.: ил. — ISBN 5-09-003428-1.
5. Гринина-Земскова А. М. Обучение сочинениям. 5–8 классы. — 3-е изд., стереотип. — 120 с.
6. Масару Ибука. Үч жаштан кийин кеч / орус тилинен которгон А. Жооданбеков. — Б., 2015. — 232 б.
7. Муратов А. Кыргыз адабиятын окутуу: теориясы жана практикасы. — Бишкек: Турар, 2013. — 554 б.
8. Мурзаев Н. Т. Дил баян жаздыруунун теориясы жана практикасы: монография. — Б.: Улуу Тоолор, 2021. — 484 б.
9. Философский словарь / под ред. И. Т. Фролова. — М.: Политиздат, 1987. — 592 с.

Рецензент: филология илимдеринин доктору, профессор Эгембердиева А.А.

УДК: 378:37.012(575.2)(04)
DOI 10.58649/1694-9099-2026-3-188-193

Намазбекова А.Н.
К. Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университети
Намазбекова А.Н.
Бишкекский государственный университет имени К. Карасаева
Namazbekova A. N.
Bishkek State University named after K. Karasaev

ORCID 0009-0000-3658-9425

ЖУРНАЛИСТИКА АДИСТИГИНДЕГИ СТУДЕНТТЕРДИ КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮКТҮН НЕГИЗИНДЕ КЕСИПКЕ БАГЫТТАП ОКУТУУ
ПРОФЕССИОНАЛЬНАЯ КОМПЕТЕНТНОСТЬ В ПОДГОТОВКЕ БУДУЩИХ СТУДЕНТОВ-ЖУРНАЛИСТОВ
PROFESSIONAL COMPETENCE IN THE PREPARATION OF FUTURE JOURNALISM STUDENTS

Кыскача мүнөздөмө: Азыркы коомдун шарттары кесиптик билим берүүнүн сапатына жаңы талаптарды коюп, жогорку окуу жайлардан квалификациялуу адистерди даярдоону талап кылууда. Болочок адис негизги кесиптик милдеттерди чече билүү менен бирге максаттуу, жигердүү, демилгелүү жана жоопкерчиликтүү болуп, командада иштөөгө жана адамдар менен өз ара аракеттенүүгө жөндөмдүү болушу керек. Студенттин кесипке болгон кызыгуусу жана билимин үзгүлтүксүз өркүндөтүүгө умтулуусу анын кесиптик өнүгүүсүнүн негизги өбөлгөлөрүнүн бири болуп саналат. Ошондуктан XXI кылымдын талаптарына ылайык билим берүү процессинде санариптештирүүнүн мүмкүнчүлүктөрүн эске алуу зарыл.

Аннотация: Современные условия развития общества предъявляют новые требования к качеству профессионального образования и подготовке квалифицированных специалистов в высших учебных заведениях. Будущий специалист должен не только уметь решать основные профессиональные задачи, но и быть целеустремленным, активным, инициативным и ответственным, уметь работать в команде и взаимодействовать с людьми. Интерес студента к будущей профессии и стремление к постоянному совершенствованию своих знаний являются одними из важных условий его профессионального развития. Поэтому в образовательном процессе необходимо учитывать возможности цифровизации в соответствии с требованиями XXI века.

Abstract: Modern society places new demands on the quality of professional education and the training of qualified specialists in higher education institutions. Future professionals should not only be able to solve key professional tasks but also be purposeful, active, proactive, and responsible, as well as capable of working in a team and interacting effectively with others. Students' interest in their future profession and their commitment to continuously improving their knowledge are important conditions for their professional development. Therefore, the opportunities provided by digitalization should be taken into account in the educational process in accordance with the requirements of the 21st century.

Негизги сөздөр: компетенттүүлүк; компетенция; кесиптик компетенттүүлүк; кесиптик билим берүү; болочок журналист; педагогикалык шарттар; мотивация; мезгилдүү басма сөз; санариптештирүү.

Ключевые слова: компетентность; компетенция; профессиональная компетентность; профессиональное образование; будущий журналист; педагогические условия; мотивация; периодическая печать; цифровизация.

Keywords: competence; competency; professional competence; professional education; future journalist; pedagogical conditions; motivation; periodical press; digitalization.

Бүгүнкү күндө Кыргызстанда жогорку билим берүү системасын модернизациялоо дүйнөлүк социалдык-экономикалык өзгөрүүлөр менен тыгыз байланышта жүрүп жатат. Өнүгүп келе жаткан эмгек рыногунда жогорку билимге ээ болуу менен катар адистин кесиптик жөндөмдөрүнө жана жеке сапаттарына да өзгөчө талаптар коюлууда. Ушуга байланыштуу заманбап билим берүүдө компетенттүүлүккө негизделген мамилени колдонуу жана жогорку окуу жайлардын окуу программаларына санариптик технологияларды киргизүү маанилүү болуп саналат.

«Компетенттүүлүк» түшүнүгү адистин кесиптик жана жеке сапаттарын мүнөздөөчү түшүнүк катары каралып, белгилүү бир иштин максатына жетүү үчүн зарыл болгон билимдин, билгичтиктин жана көндүмдөрдүн деңгээлин чагылдырат.

Коомдо сергек жашоо образын жайылтуу, адамдардын ортосундагы гармониялуу мамилелерди калыптандыруу жана жарандык аң-сезимди өнүктүрүүдө массалык маалымат каражаттарына чоң жоопкерчилик жүктөлөт. Ушуга байланыштуу журналисттердин кесиптик даярдыгынын сапатына да жогорку талаптар коюлат. Журналист улам өзгөрүп жаткан коомдук чындыкты чыгармачылык менен кабыл алып, билимин кеңейтүүгө жана өзүнүн кесиптик мүмкүнчүлүктөрүн өнүктүрүүгө умтулушу керек. Буга байланыштуу жогорку билим берүүнү модернизациялоо концепциясына ылайык кесипкөй журналисттерди даярдоого болгон мамилени өркүндөтүү зарыл. Заманбап журналистти даярдоодо зарыл билимге жана көндүмдөргө ээ болуу менен катар турмуштук көйгөйлөрдү көрө билүү жөндөмү да маанилүү орунду ээлейт [2, 70-б.]. Ошондуктан болочок журналисттерди даярдоодо алардын чыгармачылык жөндөмдөрүн өнүктүрүүгө өзгөчө көңүл буруу зарыл.

Заманбап журналист редакциянын алдында турган милдеттерди ийгиликтүү аткарууга мүмкүндүк берген кесиптик сапаттарга жана жөндөмдөргө ээ болууга тийиш. Журналист үчүн маанилүү сапаттардын катарына компетенттүүлүк, эрудиция, маалыматты жыйноо жана талдоо ыкмаларын билүү, ошондой эле жеке жазуу стилине ээ болуу кирет. Кесиптик маселелерди чечүү үчүн журналист конкреттүү кесиптик милдеттерге ылайык келген компетенцияларга ээ болушу керек. Алардын негизги компоненттерин журналисттин билими, жөндөмдөрү жана жеке сапаттары түзөт. Белгилүү бир кесиптик чөйрөдөгү милдеттерди аткарууга мүмкүндүк берген билимдердин, жөндөмдөрдүн жана жеке сапаттардын жыйындысы адистин тиешелүү компетенциясын аныктайт.

Жогоруда белгиленген талаптарды ишке ашыруу билим берүү процессине компетенттүүлүккө негизделген мамилени жана санариптик педагогиканын мүмкүнчүлүктөрүн киргизүү зарылдыгын шарттайт. Мындай мамиле окутуу процессинин бардык баскычтарын, анын ичинде окутуунун натыйжаларын баалоону да компетенттүүлүккө негиздеп комплекстүү кароону талап кылат.

Окумуштуу М. М. Сыдыкбаева өзүнүн изилдөөлөрүндө: «Компетенттүү мамиленин маңызы биринчи кезекте окутуунун максаттарын өзгөртүүнү, аларды жана окутуунун күтүлгөн жыйынтыктарын кесиптик милдеттердин түрдүү деңгээлдерин чагылдыруучу компетенциялар жыйындысы түрүндө берүүнү карайт. Компетенттүү мамилени кесиптик билим берүүнү жана эмгек рыногунун керектөөлөрүн дал келтирүүгө аракет кылуу катары да мүнөздөөгө болот», — деп белгилеген [4, 71-б.]. Компетенттүүлүккө негизделген окутуунун максаты — студенттин кесиптик ишмердүүлүгү үчүн зарыл болгон конкреттүү компетенцияларды калыптандыруу.

ЖОЖдо окутуунун жалпы натыйжасы белгилүү бир чөйрөдөгү адистин калыптанган компетенттүүлүгү менен аныкталат. Ал кесиптик маселелерди чечүүдө тиешелүү компетенцияларды колдоно билүү аркылуу көрүнөт. Демек, компетенттүүлүккө негизделген мамиледе негизги көңүл студенттердин болочок кесиптик ишмердүүлүгүндө зарыл болгон кесиптик компетенцияларды калыптандырууга бурулушу керек. ЖОЖдо компетенттүүлүккө негизделген мамилени практикалык жактан ишке ашыруу бүтүрүүчүнүн компетенттүүлүгүн өнүктүрүүнүн педагогикалык моделине ылайык ар бир окуу дисциплинасы боюнча методикалык системаны иштеп чыгууну талап кылат [3, 25-б.].

Болочок журналисттин кесиптик даярдыгы окуу процессинде студенттин инсандык жана кесиптик сапаттарын жигердүү өнүктүрүүгө негизделет. Бул кесиптик билим берүүнүн тиешелүү ыкмаларын жана технологияларын тандоону талап кылат. Мындай даярдыктын негизги максаты — алган билимин жана көндүмдөрүн өз алдынча өркүндөтүүгө жөндөмдүү адисти калыптандыруу.

Билим берүү процессинде студент даяр билимди өздөштүрүү менен гана чектелбестен, өз алдынча изденип, жаңы билимдерди өздөштүрүүгө жана аларды практикалык ишмердүүлүктө колдонууга үйрөнүшү керек. Анын окуу-таанып-билүү жана изилдөө ишмердүүлүгүнүн натыйжалары реферат, курстук иш, дипломдук иш жана башка илимий иштер аркылуу да чагылдырылат.

Ошентип, болочок журналисттердин кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандыруу төмөнкүдөй уюштуруучулук-педагогикалык шарттар аркылуу ишке ашырылышы мүмкүн:

- журналисттик билим берүүнүн негизинде компетенттүү адистин моделин түзүү, студенттин өз алдынча таанып-билүү ишмердүүлүгүн өнүктүрүүгө багытталган окуу курстарынын максаттарын жана милдеттерин аныктоо;
- журналисттик кесипке тиешелүү ар бир модулдун алкагында калыптандырылуучу компетенциялардын тизмесин аныктоо жана алардын негизинде кесиптик дисциплиналардын программаларын иштеп чыгуу [3, 37-б.].

Азыркы дүйнөдө эмгек рыногунда атаандаштыктын күчөшү жана адистердин кесиптик компетенттүүлүгүнө болгон талаптардын жогорулашы адамдын кесипти эркин жана өз алдынча тандоосунун маанисин арттырууда. Мындай шартта адистин өзүнүн кесиптик мүмкүнчүлүктөрүн практикалык ишмердүүлүктө көрсөтө билиши өзгөчө мааниге ээ. Иш берүүчү даяр адистин алган квалификациясынын деңгээлин гана эмес, анын топтогон тажрыйбасын, өз алдынча өнүгүүгө болгон умтулуусун жана жаңы компетенцияларга ээ болуу жөндөмүн да баалайт.

Жогоруда айтылгандарга ылайык, болочок журналисттердин кесиптик компетенттүүлүгүн өнүктүрүүнүн негизи катары окуу процессинде мезгилдүү басма сөздү пайдалануунун педагогикалык шарттарын аныктоо маанилүү милдеттердин бири экендигин баса белгилейбиз.

Журналистика коомдун маанилүү социалдык-маданий институту болуу менен, жалпыга маалымдоо каражаттарынын адистеринин кесиптик даярдыгынын деңгээлине жогорку талаптарды коёт. Журналистиканын маанилүү багыттарынын бири — массалык маалымат агымын аудиторияга социалдык-маданий билимдерди, баалуулуктарды жана нормаларды жеткирүүчү материалдар менен толуктоо. Журналистиканын бул миссиясын ишке ашыруу көбүнесе журналисттердин кесиптик компетенттүүлүгүнүн деңгээлине көз каранды.

2007-жылы Сингапурда өткөн Журналисттик билим берүү боюнча Биринчи дүйнөлүк конгрессте кабыл алынган Журналисттик билим берүүнүн принциптери жөнүндө декларацияда болочок журналист кесиптин негизги талаптарын аткарууга даяр болушу керектиги белгиленген [6]. Анда

болочок журналист коомдук кызыкчылыкты коргоого, саясий жана маданий айырмачылыктарга карабастан башка өлкөлөрдөн келген кесиптештери менен жалпы кесиптик баалуулуктарды жана максаттарды бөлүшүүгө, жогорку этикалык принциптерди карманууга жана билимдүү практик-адис катары кесиптик ишмердүүлүгүн жүргүзүүгө даяр болушу керектиги көрсөтүлгөн.

Окуу процессинде болочок журналисттердин кесиптик компетенттүүлүгүн өнүктүрүү — бул ушул багыттагы адистерди даярдаган жогорку окуу жайдын окуу процессин уюштуруунун негизги компоненттеринин бири болуп саналат.

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик билим берүү стандартына ылайык, журналистика багыты боюнча ЖОЖдун бүтүрүүчүсү журналисттик кесиптин коомдук, маалыматтык жана чыгармачылык мүнөздөгү маңызын түшүнүшү керек. Ошондой эле заманбап цивилизацияны сактоодо жана өнүктүрүүдө журналисттик кесиптик ишмердүүлүктөгү гуманисттик баалуулуктардын маанисин түшүнүп, аларды өз ишинде жетекчиликке алууга тийиш. Мындан тышкары, болочок журналист өзүнүн дүйнө таанымын кеңейтүүгө, үзгүлтүксүз өзүн-өзү өнүктүрүүгө, квалификациясын жогорулатууга жана кесиптик чеберчилигин өркүндөтүүгө умтулушу зарыл.

Адистин социалдык-жарандык, укуктук жана кесиптик моралдык-этикалык сапаттары ар дайым коомдун көңүл борборунда болуп келген. Компетенттүү журналист бейтарап жана калыс көз карашта болуп, кандайдыр бир окуяга же көрүнүшкө баа берүүдө айыптоого же жактырууга шашылбастан, негиздүү чечим чыгара билүү жөндөмүн өнүктүрүүгө тийиш.

Жогорку технологиялардын өнүгүшү, маалыматка жетүү мүмкүнчүлүгүнүн кеңейиши жана жаңы маалыматтык коомдун акырындык менен калыптанышы болочок журналисттерди даярдоо системасынын алдына жаңы жана олуттуу милдеттерди коюуда. Билим берүүнү модернизациялоо концепциясына ылайык, адистерди даярдоонун сапатын жогорулатуу менен катар алардын кесиптик компетенцияларын өнүктүрүү да талап кылынат.

Окутуу процессинде окутуучунун жетекчилиги астында студенттин билимди даяр түрдө кабыл алуучу абалынан өз алдынча билим алууга жана өз алдынча окуу ишмердүүлүгүн жүргүзүүгө өтүшү үчүн тиешелүү педагогикалык шарттар түзүлүшү керек. Мындай шарттар студенттин өз алдынча билим алуусуна, изденүүсүнө жана өнүгүүсүнө өбөлгө түзөт. Ошого ылайык, жогорку билим берүүнүн өнүгүүсүнүн азыркы этабында окуу программаларында жана студенттердин өз алдынча иштөөсүнө багытталган окуу дисциплиналарынын программаларында мезгилдүү басма сөздөгү практикалык маалыматтарды пайдаланууга өзгөчө көңүл буруу зарыл. Студент маалыматты кайдан жана кантип алууну, алынган маалыматты талдоону жана аны иштеп чыгууну үйрөнүшү үчүн тиешелүү талаптарды киргизүү жана зарыл шарттарды түзүү милдети турат. Бул талаптарды ишке ашыруу келечекте кесипкөй журналисттин ар тараптуу калыптанышына өбөлгө түзөт. Башкача айтканда, студент универсалдуу мүнөздөгү билимдердин бүтүндөй комплексине ээ болушу керек.

Педагогикалык адабияттарды талдоо жогорку билим берүү системасында болочок журналисттердин кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандыруунун өнүгүү моделин аныктоого жана негиздөөгө мүмкүндүк берет. Бул моделде мезгилдүү басылмаларды окуу-методикалык колдоонун булагы катары пайдалануу жана алардын мүмкүнчүлүктөрүн болочок журналисттердин кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандырууда колдонуу сунушталат.

ЖОЖдо болочок журналисттерди даярдоо процесси алардын келечектеги практикалык кесиптик ишмердүүлүгүндө теориялык жоболорду колдонууга байланышкан жалпы маселелерди, ошондой эле аларды ишке ашыруунун технологиялык жана методологиялык жолдорун үйрөтүүчү ар кандай дисциплиналарды өзүнө камтыйт. Бул дисциплиналар мазмундук материалдардын көп түрдүүлүгүн жана өзгөчөлүктөрүн чагылдырып, окуу материалдарынын түзүлүшүнүн өзгөчөлүктөрүн эске алууга жана жаңы илимий изилдөөлөрдүн кеңири чөйрөсү менен таанышууга мүмкүнчүлүк берет. Маалыматтык технологиялардын өнүгүшүнө байланыштуу мезгилдүү басма сөздө жарыяланган маалыматтар интернет мейкиндигинде да ыкчам тарай баштады. Бул мезгилдүү басма сөздүн материалдарын окуу-методикалык булак катары ыкчам пайдалануу үчүн университеттин окуу процессинде кеңири мүмкүнчүлүктөрдү түзүүгө өбөлгө болууда.

Мезгилдүү басма сөздү окуу-методикалык булак катары студенттин өз алдынча таанып-билүү ишмердүүлүгүндө пайдалануу анын таанып-билүү, изденүүчүлүк жана мотивациялык жөндөмдөрүн өнүктүрүүгө мүмкүнчүлүк түзөт. Ошондой эле ар кандай окуу дисциплиналарынын алкагындагы темалар боюнча изилденип жаткан маселелердин маңызын тереңирээк түшүнүүгө өбөлгө болот.

Мезгилдүү басма сөз окуу-методикалык булак катары студенттин окуу процессин маалыматтык-методикалык жактан камсыздоодо маалымат алуунун ыкчам жана жеткиликтүү каражаттарынын бири болуп саналат. Ошол эле учурда ал жаш муундарды тарбиялоодо да маанилүү роль ойнойт. Мезгилдүү басма сөздө жаштарды кызыктырган көптөгөн заманбап көйгөйлөр чагылдырылып, аларды талдоо жаштардын коомдук турмушка аралашуусуна жана социалдашуусуна өбөлгө түзөт.

Мезгилдүү басылмалар жалпыга маалымдоо каражаты жана окуу-методикалык булак катары болочок журналисттердин кесиптик деңгээлин калыптандыруунун натыйжалуу каражаттарынын бири болуп саналат. Алар студенттердин кесиптик компетенттүүлүгүн өнүктүрүүдө маанилүү маалыматтык жана таанып-билүүчүлүк милдетти аткарат. Анткени мезгилдүү басылмалар журналисттик ишмердүүлүктүн натыйжасы жана продуктусу болуу менен бирге, болочок журналисттерге кесиптик ишмердүүлүктүн өзгөчөлүктөрүн таанып-билүүгө жана практикалык тажрыйба топтоого мүмкүнчүлүк берет.

Гезит-журналдардын беттеринде жарыяланган материалдар коомдо болуп жаткан ар түрдүү окуялар жөнүндө маалымат берип, кызыктуу фактыларды жана маанилүү маалыматтарды чагылдырат, ошондой эле коомчулукту кызыктырган суроолорго жооп берет. Мезгилдүү басылмаларды пайдалануу аркылуу студенттердин таанып-билүүгө болгон кызыгуусун кеңейтүүгө, алардын маалымат менен иштөө жөндөмдөрүн өнүктүрүүгө жана журналистке мүнөздүү кесиптик сапаттарды калыптандырууга болот.

